**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН К. ДЫЙКАНБАЕВ атындагы ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 23.15.508**

Кол жазма укугунда

УДК: 316. 34 (575.2) (043.3)

**Раимова Айнура Болотбековна**

# УЛГАЙГАН АДАМДАРДЫН ЗАМАНБАП ШАРТКА СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН КӨНҮП КЕТҮҮСҮ (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИСАЛЫНДА)

22.00.04 – социалдык түзүлүш,
социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окмуштуулук
даражасын изденүүгө жазылган диссертациянын
**автореферати**

**Бишкек - 2016**

Диссертация Социалдык өнүктүрүү жана ишкердик Институтунун социалдык иш жана туризм кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** философия жана политология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын корреспонденттер мучосу, профессор **Артыкбаев Мэлс Табалдыевич**

**Расмий оппоненттер:** социология илимдеринин доктору, профессор **Нурова Саида Сулеймановна**

социология илимдеринин кандидаты, доцент **Алдашева Анара Болотовна**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимдер методологиясы жана социалдык изилдөө борбору, Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а

Диссертация 2016 жылы «25» ноябрда, саат «10.00» Ж.Баласагын атындагы КУУнун жана Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлигинин К.Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык Академиясына караштуу саясый жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча адистешкен Д.23.10.408 Диссертациялык Кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720000, Бишкек ш., Эркиндик бульвары 36, 106 ауд.

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547.

Автореферат 2016-жылдын «___» __________ жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, саясый илимдеринин кандидаты, доцент:** **Салморбекова Р.Б.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу** улгайган адамдарды изилдөөдө Кыргыз Республикасы демократиялык өлкөнү куруу иш аракетинде артыкчылык максаттарнын бири болуп - калкты социалдык жактан коргоо болуп аныкталат. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9- беренесинде белгиленгендей «Кыргыз Республикасы татыктуу жашоо турмуш шартын түзүүгө жана инсанды эркин өстүрүүгө, жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүүгө багытталган социалдык программаларды иштеп чыгат. Кыргыз Республикасы социалдык жактан корголбогон жарандардын категорияларына колдоо көрсөтүүнү, эмгек акынын кепилдик берилген минималдуу өлчөмүн, эмгекти жана саламаттыкты коргоону камсыз кылат. Кыргыз Республикасы социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн системасын өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды, социалдык коргоонун дагы башкача кепилдиктерин белгилейт» [53].

Рыноктук экономикага өтүү менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигине жана элдин бардык топторуна, жашоо баалулуктарына, системасына радикалдуу өзгөрүүлөрдү алып келди. Мындай социалдык өзгөрүүнүн натыйжасында азыркы күнгө чейин рыноктук мамилеге өтүү албетте Кыргызстандын эли үчүн оор сокку. Буга коомдун аялуу, алсыздардын катарына кирген - улгайган адамдар, мүмкүнчүлүгү чектелгендер жана жакыр жашагандары дагы кирет. Болуп өткөн эки революциялык көтөрүлүш калк үчүн оор сокку болду, ал эмес кары адамдардын ден соолугуна гана таасирин тийгизбестен карылар үчүн өзгөчө моралдык, физикалык жабыр тартуу муундар ортосундагы идеологиялык жана адеп-ахлактык байланыштардын үзүлүп баратканы байкалууда. Өзгөчө калктын бул ыңгайсыздыкты, жана ошондой эле рыноктун заманбап шарттарына көнө албагандыгын сезип келишүүдө.

Экономикалык реформанын шарттарында Кыргызстанда улгайган адамдардын статусуна олутту өзгөрүүлөр киргизилди. Экономикалык деңгээлдин төмөндөшү биздин өлкөбүздөгү улгайган адамдардын пенсиялык каржылоосуна сокку болду. Албетте, мындай өзгөрүлүүлөр кары адамдардын биринчи учурда өздөрүнүн каржылык абалына, баанын кымбаттыгына, коммуналдык жана дары-дармектин жогорку наркы жөнүндө тынчсызданусун жаратат. Тамак аштын кымбаттагандыгы менен бирге улгайгандардын сапатсыз тамактануусуна алып келүүдө. Пенсиянын өлчөмү күнүмдүк жашоого керектелчү көргөзгүчкө дал келишпейт (азыркы убакта Улуттук статкомитеттин берген маалыматы боюнча 4846 сом 83 тыйынды тузот. Ошондой эле, улгайган адамдарынын бут кийим жана кийим сатып алуу кыйынчылыгы жаралып, маданий социалдык чыгымдары төмөн болууда. Мындай абал улгайган адамдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизип эртеңки күнгө ишенимин жоготуу менен бирге келечекте коркунуч жаратууда.

Азыркы тапта Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун берген классификациясына ылайык улгайган адамдар деп 60 тан 89 жашка чейин, ал эми узак жаштагы улгайган адмдар болсо 90 жаштан жогоркуларды айтабыз. Кыргыз Республикасынын Улуттук статкомитеттин маалыматы боюнча азыркы күндө өлкөдө улгайган адамдардын саны 408,0 мин адамды түзөт [149]. Улгайган адамдардын көбүрөөк саны Чуй, Бишкек жана Ысык-Кол аймагында жашаганы маалым болууда (5-6%).

Мамлекеттеги стабилдүүлүктүн жоктугунун кесепетинен бейкубат карылыгын өткөрүүнүн ордуна улгайган адамдардын адаптацияланышы өтө оор абалда. Жакырчылык менен бирге, карылардын жакырчылыгына бошсуздук дагы таасирин тийгизет. Иш-аракеттен четке чыгуу албетте материалдык жактан бейкубаттыкты бузбастан жашоо тонусуна, психикасына жана кары адамдардын ден соолугунун бузулушуна таасирин тийгизбей койбойт. Пенсияга чыгуунун өзү эле карылар үчүн олуттуу маселе. Башка мамлекеттерге карызы көп жаш мамлекет катары кары адамдардын социалдык кызматтарынын алдына коюлган маселелерин чечүүгө толук шарты жок. Мына

ошондуктан, мамлекеттин алдында карылардын социалдык кызматтарды көрсөтүү системасын кайра карап чыгуу зарылдыгы турат.

Мына ушул кырдаалдар илимий иштин негизи катары каралган. Социалдык иштерди уюштурууда жалпы социалдык абалын гана карабастан ар бир адамды өз алдынча кароону эске алуу зарыл. Алардын муктаждыктарын, биологиялык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана жашоо өзгөчөлүктөрүн кароо. Улгайган адамдардын баалулуктары кайра куруунун кесепетинен жабыркап, терең таарынууну жана түшүнбөстүктөрдү алып келди. Буга чейин коом үчүн деп эмгектенип келген карылардын эмгеги көзгө көрүнгүс болгону аларды терең ойлондурду. Улгайган адамдарды изилдөөгө арналган илимий иштер жокко эсе, болсо дагы аз өлчөмдө каралган. Автордун бул чөйрөдө кылган изилдөөсү кирет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** СССРдин кулашы менен Кыргызстан эгемендүүлүктү алганы өзүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө татаал жолду басып өттү. Ушуга байланыштуу мамлекет бир катар жакырчылыкты жоюууга багытталган „Аракет” жана улгайгандар үчүн „Ардагер” программаларын иштеп чыгып “Карылар жылы” деп жарыяланды. Азыркы күнгө чейин ал мыйзамдарды. Бүгүнкү күнгө чейин, Буйруктарды жана Мыйзамдарды Социалдык фонд тарабынан жогорулатуу үчүн ар бир жыл сайын улгайгандарга байланыштуу жарлыктарды жана мыйзамдарды жакшыртуу боюнча ар кандай иш-чараларды өткөрдү.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасындагы заманбап базар шартына улгайган адамдардын социалдык жактан көнүп кетүүсүн изилдөө. Сунуштарды жана жыйынтыктарды иштеп чыгуу.

Коюлган максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү негизги милдеттер коюлду:
- улгайган адамдардын теоретикалык жана методологиялык аспектилерин изилдөө менен азыркы шарттарга ылайыкташуусун изилдөө;
- улгайган адамдардын социалдык абалын талдап чыгуу;
- өлкөдөгү карылардын коомдогу социалдык жана психологиялык шарттарынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
- карылардын коомдогу өзгөрүүлөргө болгон ыңгайлашуусун көрсөтүү;
- өлкөдөгү карыларды заманб приоритеттүү багытта социалдык жактан коргоону изилдөө;
- өлкөбүздөгү кары адамдарга болгон социалдык саясатты изилдөө;
- Кыргыз Республикасында кары адамдарга болгон социалдык иш чаралардын моделдерине социалдык анализ жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыктары** Коомдун кризистик шарттарында карылардын азыркы социалдык-экономикалык жана социалдык-психологиялык абалына комплекстүү анализ жүргүзүлгөн эмес.

Диссертациянын жаңылыгына төмөнкү учурларды киргизсек болот:

- учурдагы шарттарга улгайган адамдардын адаптациалоо деңгээлине таасир берүүчү факторлор аныкталган;

- социалдык реформаларда карылардын орду, ролу жана алардын саясый багыты көрсөтүлгөн;

- Кыргыз Республикасында социалдык коргоонун системасынын өнүгүү этаптары, жалпы калктын социалдык коргоо системасындагы иштөө тенденциясы, жана жакынкы жылдарга медициналык, пенсиялык жаңылантууну камсыз кылуу багыттары көргөзүлгөн.

-Кары адамдардын социалдык адаптацияланышын жыйынтыктуу ишке ашыруу үчүн комплекстүү иш чаралар берилди.

**Маселени изилдөө даражасы**. Акыркы жылдарда карылардын социалдык абалы илимий жактан изилдөөлөрдү өзүнө тартты. Бул өз учурунда Кыргызстан демократиялык унитардык, социалдык мамлекетти түзүү менен бирге өлкөнүн социалдык саясаты мамлекеттик саясый деңгээлде Конституцияда көрсөтүлгөндүгү менен байланыштуу. Өлкөнүн саясый социалдык, базар экономикалык жана саясый демократиялык: адамдардын жашоо шарты, жашоо деңгээли, сапаты, билим, медицинаны камтуу менен

бирге социалдык саясат объектисине айланды. Акыркы жылдары карылардын жашоо турмуш шартын изилдөө: адамдардын карылык өзгөчөлүктөрүн, биологиялык жана физикалык мүмкүнчүлүктөрүн камтыган. Ал өз учурунда медицина, психология, геронтология илимдеринин объектисине айланды.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык иштин жыйынтыктары кары адамдарды колдоо программмаларын иштеп чыгууда колдонушу мүмкүн. Теоретикалык абалы, жеке жыйынтыктар жана изилдөөнүн жыйынтыктары социалдык окутуучуларды жана социалдык ишкерлерди даярдоодогу окуу курстарын жана пособияларды иштеп чыгууда колдонушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жоболору «Социалдык геронтология» жана «Өнүгүү психологиясын» өтүүдө окуу курс катары окулушу мүмкүн.

**Изилдөөнүн экономикалык мааниси:** Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар боло алат:

– кары адамдарды колдоодогу комплекстүү программаларды иштеп чыгууда колдонуу;
– коомчулуктагы кризис маалына карылардын социалдык-экономикалык, жана социалдык-психологиялык жактан абалын маалымдоону ишке ашырат;
– улгайган адамдардын Мамлекеттик Программасын өнүгүгүү концепциясын оптималдуу иштеп чыгуусуна негиз боло алат.

**Изилдөөнүн эмпирикалык базасы** Кыргыз Республикасынын мыйзам жана нормативдик актылары жана аналитикалык кызматтардын социологиялык изилдөө материалдары түзгөн. Андан сырткары, Кыргыз Республикасынын Президентинин Буйруктары, Өкмөттүн жоболору, докладдары, илимий макалалар, монографиялар жана электрондук журналдар, басмалардагы макалалар, ошондой эле, диссертанттын социологиялык изилдөөлөрү кирет. Автор тарабынан жүргүзүлгөн жеке социологиялык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарынын диссертациянын негизин түзгөн.

**Коргоого алып чыгылган негизги жоболор**:

- социалдык адаптация – индивиддин социалдык шарттардын өзгөрүүсүнө активдүү кошулуу механизми (индивид топтору);
- жашына карата пенсионерлердин социалдык статусу көбүнесе ар кайсы статустун өзгөчөлүгүнөн: саясый, экономикалык, үй-бүлөлүк жана социалдык-психологиялык абалына жараша шартталат. Бул статустардын бири бирне байланышы кары адамдардын жашоо позициясындагы ордуна, социалдык-экономикалык өзгөрүлүүлөргө, социалдык акыбалына, экономикалык жүрүм турумуна таасирин тийгизет.
- улгайган адамдардын көпчүлүгү жашоонун өзгөрүү шарттарына көнүп кетүү кыйынчылыктарына туруштук бере алышпайт. Жогорку потенциалына карабастан позитивдүү өзгөрүүлөрдү терс кабыл алуу коомдук жашоого жана мамлекеттик жана жеке жашоосуна болгон катышуу активдүүлүгүнүн төмөндүгү жана жашоодогу алсыздыгы көрсөтүлгөн.
- улгайган адамдарга байланыштуу мамлекеттик программалар жана мыйзамдык актылар ылайыктуу эмес жана көбүнчө карылардын муктаждыктарына жооп бербейт. Ошонун кесепетинен мамлекеттик жаңылануулары кабыл алуу жөндөмдөрү төмөн.
- калктын көпчүлүк бөлүгү кары адамдарды эмгеке жарамдуу потенциалдуу эл катары каршпайт. Карылардын карманары колдоо, жардам жана карылыкка болгон чыдамдуулук. Карылар менен жаштардын ортосундагы келишпестик негизинен мындай багытта: коомчулук карыларга карата мерез мамиледе болуусу, кары адамдарды сыйлоону унутуу.
- фактордук анализдин жыйынтыгынан бир фактордун экинчисинен көз каранды экендиги так көрсөтүлгөн. Улгайган адамдардын социалдык коргоого муктаждыктары өзүн жакшы сезүү, жашоого канааттануу жана үй-бүлө тарабынан сыйлоо мамилесине ээ болуусуна көз каранды. Ал эми жалгыздык сезими түздөн карылык менен коштоп келет.
- Кары адамдын социалдык мүнөздөмөсүндө: жалгыз жашаган, негизги киреше булактан жана экономикалык жактан көз каранды, пенсиядан башка киреше булагы жок келечеке карай өзүнүн жашоосуна пессимистүү көз караште болгон кары адам.

**Изилдөөчүнүн өз салымы.** Биринчи жолу Кыргызстандагы кризис абалындагы социалдык-экономикаылк жана социалдык-психологиялык абалына мониторингдик изилдөөлөр комплекстүү анализдин коштоосунда жазылган. Коргоого алып чыгылган диссертациянын жоболору жана макалалары автор тарабынан иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациялары.** Диссертациялык иш Социалдык өнүгүү жана туризм Институтунун Социалдык иш кафедрасында талкууланган. Коргоого алынып чыгып жаткан жоболор менен автор көптөгөн республикалык жана эл аралык деңгээлдердеги түрдүү илимий конференцияларда баяндама жасаган. Алардын арасында: «Эгемендүү Кыргызстанга 20 жыл» (2011), Эл аралык илимий форум «Жаш илимпоз - 2011» (АУППКР) – май 2011г; Илимий-практикалык конференция «Заманбап Кыргызстандын стратегиялык өнүгүүсү: проблемасы жана келечеги» ЖМ алдындагы СӨжТИ ББМ КР. Вуз аралык илимий-практикалык конференцияНаучно-практическая межвузовская конференция; Научно-практическая межвузовская конференция «Актуальные проблемы современного социально-экономического развития» ИСРиП при ММТиЗ КР. Андан сырткары автор тарабынан окулган сабактар үчүн окуу курс катары даярдалган.

**Изилдөөнүн эмпирикалык маалымат негизин** 2008-2010 жылдары жүргүзгөн автордун жеке социологиялык изилдөөсү: «Улгайган адамдардын заманбап шартка көнүп кетүүсү (социологиялык анализ)». Жалпы суралган респонденттердин саны 1150 адам. Социологиялык изилдөө Ысык-Көл, Жалал-Абад жана Чуй аймактарында жүргүзүлгөн. Толук изилдоону көрсөтүү максатында сапаттуу метод - эксперттик интервью, сандык – сурамжылоо тандалып алынган. Жогоруда айтып кеткен программаны изилдөөдө сурамжылоодо катышкан эксперттин саны 25, ал эми тандалма бирдиги 1150 адамды түздү. Сурамжылоонун катышуучусу катары үч аймактын улгайган жашоочулары алынды. Ысык-Көл дубанынан – 400 адам, Чүй жана Бишкек шаары - 450 адам, Жалал-Абад дубанынан- 300 адам. Изилдөөнүн аймагы «Үмүт» улгайган адамдарды колдоо ресурстук борборунун маалыматынын негизинде түзүлдү.

Респонденттер негизин кары үй-бүлөлөрдөн, ажырашкандардан жана жесирлерден тандалып, алынган алгачкы маалымат диссертациянын практикалык негизин түзөт. Изилдөөнүн жүрүшүндө мурда билинбеген жана баалу маалыматтар жыйнагы топтолуп так маалыматтар анализге алынган. Ошондой эле, диссертант өзүнүн катышуусунда карылардын проблемаларына байланыштуу болгон бир нече социологиялык изилдөөлөргө катышкан. Анда, карыган адамдардын заманбап өзгөрүлүүлөргө адаптациялануу жөнүндө айтылган жалпы пикирлер каралып, өзгөрүү көрсөткүчтөрү каралган. Диссертанттын сунуштары мамлекеттик деңгээлде кабыл алынган Программаларга дал келет

**Диссертациялык изилдөөнүн теоретикалык жана методологиялык негизи** болуп Кыргызстандык жана чет элдик социологдордун, саясатчылардын, экономист жана психологдордун адаптация процесстери, анын ичинде калкты, карыларды социалдык жактан коргоо (социалдык жана пенсия) маселелери камтылган.

Диссертациянын укук негиздерин Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары жана калкты пенсия менен камсыз кылууну жөндөп турган нормативдик документтер түздү.

Бул изилдөөдө улуттук статистиканын отчеттук маалыматтары, статистикалык материалдар, Кыргызстандагы социалдык пенсиялык фонду, Кыргыз Республикасынын социалдык өнүгүү Министерствосу, илимий практикалык конференциялардагы материалдар жана маалыматтар колдонулду.

**Изилдөө жыйынтыгынын макалалары.** Диссертациянын темасы боюнча 1 монография жана 16 илимий макала (башкалар менен жарыяланган макаладан үчөө), Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан сунушталган 7 илимий макала жарыяланды.

**Диссертациянын структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, аныктамалардан, белгилер жана кыскартуулардан, адабияттардын тизмесинен жана корутундулардан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациялык **киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөө объектиси жана предмети, максаттары, милдеттери жана гипотезасы каралган. Ошондой эле, коргоп чыгууга муктаж болгон негизги жоболор, жаңылануулар, өткөрүлгөн изилдөө апробация жыйынтыктары, публикациянын жыйынтыктары, диссертациянын көлөмү жана структурасы көрсөтүлгөн.

Биринчи бап эки параграфтан турган **«Улгайган адамдардын заманбап шарттарга изилдөөнун теоретикалык методологиялык негиздерине ылайыкташуусун»** камтыйт.

**Биринчи баптын биринчи бөлүмүндө** улгайган адамдардын теориясы коомдук жамаат катары каралат. Улгайган адамдар социологиялык көйгөдүн бири болуп саналат. Алар калктын аялуу топторунун бирин түзөт. Улгайган адамдардын белгилүү бир статуска таандык болушу (белгилүү бир жашка таандык болуу), аларды социалдык статистикалык көпчүлүккө биригүүсүн шарттайт. Улгайган адамдардын жашоо шарттары (социалдык-экономикалык социалдык абалы, кызыкчылыктары жана башка), муктаждыктары, биргелешкен иш чаралары аларды социалдык коом катары кароого тура келет.

Улгайган адамдар тарыхый социалдык маселе катары каралып келет. Ошондуктан, тарыхта Аристотель, Цицерон жана башка окумуштуулар сыяктуу улгайган адамдар адамзат тарыхында болгон, боло берет деген философиялык ойлорун өздөрүнүн эмгектеринде айтып келишкен. Алар адамзаттын жаш жана жеке өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле ички жана сырткы факторлорун карап өтүшкөн.

**Экинчи бөлүмдө** «улгайган адамдар» түшүнүгү, типологиясы калктын жетилүү курагы анализделет. Биздин социологиялык илимде улгайган адамдарды аныктооу илимдин жок экендигин белгилей кетели. Улгайган адамдардын катарына – ден соолугу чың жана бекем, өтө улгайган, күүлү күчтүү, салыштырмалуу дени сак, ар тараптуу социалдык катмардагы, билим квалификациясы, кызкчылыгы ар түрдүү болуп бөлүнөт. Алардын көпчүлүгү иштебейт, пенсия алышат. Изилдөөчүлөр ар кандай курактагы квалификацияларга салыштырып, карылыктын чегин, сүрөттөмөсүн беришет. Негизинен 45 жаштан 70 жашка чейинки курак эсептелинет: аялдар жана эркектер курагы болуп да бөлүнөт.

Окумуштуулар мындан сырткары динамикалык, физиологиялык функциясын чагылдырган „функционалдык курак” деген түшүнүк бар экендигин да белгилешет. Бул генетикалык компоненттер, жашоо абалы, стресс, физикалык, психикалык жана интелектуалдык активдүүлүк. Курактык психикалык өзгөрүүлөрдү аныктап турган, психология курагы – көрсөткүчтөр тобу; биологиялык курагы – организимдин начарлоо деңгээлинин структурасы менен функциясынын көрсөткүчү.

Улгайган адамдардын типологиясы ар кандай экендигин аныктоо менен бирге, чныгы жашоодо „таза” психологиялык түрлөр сейрек, бул баскычтар дайыма салыштыралуу экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек.

„Карылык” деген аныктама, түшүнүк „бүтпөгөн маселелерге” кирерин курак психологиясын изилдеген илимий адабияттардын анализи көрсөтүп турат. Карылык деген эмне, анын биринчи көрсөткүчтөрү, карылыктын жашы жана анын чектерин талкуулаган дискуссиялар болуп турат. Карылыктын так аныктамасын берүү кыйын. Карылык бул – калкыган узак процесс, орто жаш менен карылыкты бөлүп турган так чек жок.

Улгайган адамдардын типологиясын аныктоодо бул классификациялар ар дайым салыштырмалуу экендигин эске алышыбыз керек. Себеби жашоодо психологиялык типтер таза түрдө аз кездешет.

Социологдор менен психологдор улгайган адамдардын классификациясын, иштеген ишине көз каранды деп сунушташат. Биринчи тип – активдүү, чыгармачыл улгайган адам. Экинчи типтеги улгайган адамдар социалдык жана психологиялык багыты бар, бирок

мурда убактысы тар болгон. Бул адамдардын энергиясы өзүнүн жеке жашоосун уюштурууга – материалдык жетишкендиктерге, эс алуу, оюн зоок жана билим алуу сыяктуу нерселерге жумшалат.

Үчүнчү тип, бул жерде негизинен аялдар басымдуулук кылат, үй бүлөдөгү негизги күч, демек жашоосун канааттандыруу биринчи эки түргө караганда төмөн болуп саналат.

Улгайган адамдардын төртүнчү түрү – активдүүлүктүн ар түрдүү формасы болгон жана аныктама берген ден соолугу үчүн кам көрүү. Бирок бул адамдар ооруларды чыныгы жана ойдон чыгарган маанисин арттырып жиберишет.

Улгайган адамдардын арасынан дагы бир түрүн аныктаса болот. Булар жашоодо өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөтүшпөйт, көпчүлүк учурда агрессивдүү, дүйнөгө наразы, өзүнөн башкалардын баарына сын пикир айтып турушат. Карылыктагы дагы бир уулгаюуунун терс көрсөткүчтөрү жеке жашоосундагы бактысыздык, жалгыз жана кайгылуу – жолу жоктор. Алар өздөрүн болгон да болбогон дагы мүмкүнчүлүктөрүн колдон чыгарып жибергендиги үчүн күнөөлөшөт. Улгайган адамдардын типологиясын аныктоодо окумуштуулар улгайган адамдарды үч түргө бөлүшөт „бактылуу”, „бактысыз” жана „психопаталогиялык”.

„Бактылуу карылык” адамдын дүйнөгө болгон көз карашы, кабыл алуусу, кыраакы ой жүгүртүүсү, өзүн өзү кармай билүүсү, кабыл алуусу жана өзүн өзү башкара билүүсү менен мүнөздөлөт.

Аталган „бактысыз карылык” жеке тынчсыздануу жана физикалык ден соолугуна шек саноосунун көтөрүлүүсү менен коштолгон абал.

„Психопатологиялык карылык” болсо инсандын жүрүм турумунун жана психикасынын бузулуусу менен байкалат. Психопатикалык инсандын адаптациялык мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөөсү терс адаптациялык реакцияларынын ар түрдүүлүгү менен байкалат.

Диссертант кары адамдарды аныктоодо 56-60 жаш жана андан жогорку жаштагы өзгөчө категориядагы адамдар. Бул социалдык жардамга муктаж адамдар; коомчулуктагы адамдар менен байланышы азайган; материалдык финансылык жактан аз камсыз болгон пенсия каржылоосу; бул адамдар көбүнесе жалгыздыкта жашашып өздөрүнүн камын өздөрү көрүшөт.

Автордун пикиринде карылык – бул жеке процесс, кээ бирлери үчүн эрте келсе, кээ бирлери үчүн кечирээк келет. Ошондой эле, улгайган адамдардын адамдык потенциалы жогору болуп социалдык активдүү жашоого аралашууга жөндөмдүү болушу ыктымал.

**Экинчи бап „Улгайган адамдардын социалдык адаптация болуусунун социалдык-психологиялык факторлору”** өзүнө эки параграфты камтыган. Мында карылыктын келип чыгуу кесепеттери каралган. Диссертанттын пикиринде улгайган инсандын өзгөрүүсүнүн көптөгөн талаш пикирлери жаралган. Алар изилдөөчүлөрдүн „инсан” түшүнүгүнө ар тараптуу пикирлерин камтыйт. Кээ бир авторлор карыган адамдардын инсандын өзгөрүүсүн жокко чыгарышат. Башкалардын пикиринде психикалык карылыкты оору катары кабыл алышат. Карылык дайыма кандайдыр бир ден соолуктун бузулушу менен коштолот. Социологдор белгилеп кеткендей карылык – бул убакыттын критикалык учуру. Ал айлана чөйрөнүн шартына көнүү үчүн инсандын баардык күчүн талап кылат.

Автор карылыкка аныктама берүүдө адам карыган сайын инсандык сапатынын өзгөрүүсүн баса белгилеген. Ошондуктан, карылыкка келүүдө биологиялык (инсандын конституционалдык тиби, темпераменти, ден-соолук абалы), жана социалдык-психологиялык (жашоо шарт өзгөчөлүктөрү, үй тиричилик шарттары, руханий кызыкчылыктарынын жана чыгармачылык активдүүлүгүнүн болуусу). Кандай жашоо шартта жашаса инсан катары карылыкты кабыл алат.

Диссертанттын геронтологиялык, физикалык жана социалдык карылыктын бир нече түрүн белгилеген изилдөөчү психологдордун тыянактарын туура деп эсептейт. Геронтологияда жыл наамалык жана биологиялык түшүнүктөр менен колдонушат.

Жылнаамалык жаш – бул туулган күндүн документалдуу аныктамасынын негизинде берилген хронологиялык, астрономиялык жаш.

Карылыктын психологиялык фактору – бул табияттагы, физиологиялык көрүнүш катары атайын онтогенездин үзүндүсү. Бул жаш курагынын үзүндүсүнө жана ар бир адамдын жашоо учуру үчүн – балалык, жаштык жана эрезеге жетүүнүн өзүгөчөлүктөрү жана өзүнчө жаш нормалары.

Карылыкка жетүүнүн психикалык процесси индивидуалдуу, ар ким өз алдынча карыйт. Бирок, адамдын психологиялык карылыкка жетүүнүн жалпы мыйзамдуулугу бар.

Убакыт өткөн сайын улгайган адамдардын организиминде психологиялык ийкемдүүлүктүн жоктугу жана адаптация мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөшү байкалып, жашоонун кыйынчылыктарына, социалдык өзгөрүүлөргө жана татаал учурларга туруштук бере албагандыгы иште көрсөтүлгөн.

Кээ бир изилдөөчүлөр ойлогондой карылык бул ички карама каршылыктан турган процесс. Психологиялык алсыздык менен бирге маанилүү болгон көнүү, аралашып кетүү механизмдери пайда болот. Карылыкты изилдөөдө пайда болгон карама каршы процесстерди белгилеп кеткен изилдөөчүлөрдү колдоп кетүү зарыл. Организмдин күчүнүн жана функциясынын азайышы, өздүк өнүгүүнүн механизмдеринин чектелүүсүнө жана бузулуусуна түрткү берет. Ал эми дагы бир маанилүү процесси – бул турмуш шарттарына көнүп кетүү механизмдери. Карылыкты башкаруу процессин билүү бул негизги биринчи бөлүмүн басуу менен экинчи жагын көтөрүү. Карылык процессине таасир берүүчү көптөгөн физикалык жана психологиялык факторлордун көптүгүн айтып кетүү керек. Карылыкка көнүүнүн атайын бирдей көнүү шарттары болбойт. Адамдын инсандык сапаты жүрүм туруму, көнүмүш адаттары, жашоо стили, адамдар менен баарлашуу муктаждыгы таасирин тийгизбей койбойт.

Карылыктын социалдык-психологиялык келип чыгууларын белгилөөдө көпчүлүк адамдар өздөрүнүн жеке мүмүнчүлүктөрүн жана чыгармачылыгын сактап келишет. Ошол эле учурда, карылык – бул инсандын муктаждыктарын канааттандыра албай турган шарттарга байланышкан ички конфликт. Ал психологиялык жана физикалык мүмкүнчүлүктөрдүн чектелүүсү. Азыркы учурда кары адамдар – бул демографиялык жана социалдык топтордун көрсөткүчү катары каралып атайын биологиялык, социалдык жана юридикалык белгилерге ээ.

**Экинчи баптын** экинчи параграфы **«Улгайган адамдардын социалдык адаптациясына рынок мамилесинин таасири»** карылардын социалдашуу проблемаларын жана социалдык-психологиялык адаптация болуу маселелерине арналган. Улгайып бараткан адамдардын пенсияга чыгуусу, коомдогу өзгөрүү процесстерине байланыштуу жашоо шарттарынын өзгөрүүсү өз учурунда адаптация болуу муктаждыктарын жаратат.

«Адаптация» түшүнүгү атайын ички жана сырткы шарттардын өз ара байланышынын егизинде келип чыккан негизги мыйзам ченемдүүлүктөрдү көрсөтүү менен ар кайсы системанын өнүгүүсүнүн жана бар болушун тастыктайт. Адаптацияны аныктоонун көптөгөн жолдору бар. Изилдөөчүнүн пикиринде «адаптация» процесси бул индивиддин социалдык чөйрөгө көнүп кетүүсүндө жана шарттарды, кызыкчылыктарды жана индивиддердин жашоо максаттарын камсыз кылуусунда байкалат. Ал эми социалдык адаптация индивиддин айлана-чөйрө шарттарына (индивиддердин топторуна) активдүү көнүп кетүүсүнүн жыйынтыгы болуп саналат.

Социалдык адаптация жаңы чөйрөдөгү нормаларды жана баалулуктарды кабыл алуу. Социалдык адаптациянын ийгиликтүү болуусу индивиддин өзүнөн, чөйрөнүн мүнөзүнөн ошондой эле психофизиологиялык жана социалдык-демографиялык өзгөчөлүктөрдө. Эл аралык изилдөөчүлөр белгилеп кеткендей, бир коомдук саясый системасынан башкага өтүү татаал негиздерин өзүнө алып жүрөт. Рынок шартында коммунистик тартиптен либералдуу-демократиялык позицияга өтүү татаал болду. Бир катар изилдөөчүлөрдүн пикиринде, калктын рынок шартындагы мамилени өздөштүрүүдө социалдык

тоскоолдуктарга кабыл болушат[105]. Ал, социалдык-психологиялык, статустук жана социеталдык факторлор. Мындай көз караште карап көрсөк, рынок шартына тез аралашып кетүү мүмкүнчүлүктөрү жогору болгон калктын катмарындагы билим деңгээли жогорку жана ден соолуктары бекем шаардык жаштар.

Автордун көз карашында, рынок шарттарындагы жеке келечегине таасирин тийгизген экономикалык реформалардын жүргүзүү кесепетинен улам коомдогу өзгөрүүлөргө реалдуу баа берүү социалдык адаптациялоо факторунун калыптануусун түзөт. Анткени, калктын социалдык мамилесин өздөштүрүү жолунда ар кандай социалдык тоскоолдуктар кездешет. Мындай факторлордун бирине социалдык-психологиялык, статустук жана социеталдык факторлор кирет. Биринчилерден болуп мүнөздүн өзгөчөлүктөрү, тарбиялоо жана социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөр. Алар индивиддер тарабынан жаңы рыноктук баалулуктарын өздөштүрүүдө жана жүрүм турум стандарттарын ылдам кабыл алуусун аныктайт. Улгайган адамдардын жаңы шарттарга көнүүсүн белгилөөдө социалдык адаптация процесси индивиддин социалдашуусу менен тыгыз байланышта.

Кыргызстанда пенсиянын орточо деңгээли 2014 жылдан бери өзгөрүлгөн эмес жана 4600 сомду. Жашоонун сапатын көрсөткөн негизги социалдык көрсөткүчтөр негизинен 12 миң 71 сомду түздү. Башкача айтканда, реалдуу эсеп менен инфляцияны эсепке алганда 1,7% төмөндөдү, бирок номиналдык көрсөткүчү жогорулады. Ошондой эле, пенсиянын орто өлчөмү 4600 сомду түзүп 2014 жылдагы орточо пенсия өлчөмүнүн деңгээлинде калды. Компенсациялык төлөмдөрдү эске алуу менен бүгүнкү күнгө чейин пенсионердин минималдуу муктаждык бюджетине карай айлык маянадан артта калып 44,3% түздү[93].

Ал эми, пенсия алгандардын 81 пайызында пенсия өлчөмүнүн көлөмү ортодон төмөн. Бул карылардын эң керектүү минималдуу жашоо муктаждыктарын (толук кандуу тамактануу, дарылануу жана ден соолукту чыңдоо, коммуналдык кызматтарды камсыздоо) канааттандырууга мүмкүн эмес. Карылардын материалдык абалын эске алуу менен көбүнчөсүн жакыр жашагандардын категориясына киргизсек болот.

Изилдөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой, кичине өлчөмдөгү кошумча киреше булагы эптеп күн өткөрүү процессине караганда улгайган адамдардын эмоционалдык багытын бир кыйлага көтөрөт. Адамдын индивидуалдык өзгөчөлүгү рынок мамилесине кошулуусуна же тунгуюкта калуусуна алып келет.

Диссертациялык иштин социологиялык маалыматына таянсак, улгайган адамдардын карылыка жөлөгү болгон балдары барлар 65% түздү. Пенсионерлердин үчтөн төрт бөлүгүндө балдары чогу жашагандар, же ошол эле калктык пунктун башка жеринде жашагандар. Жашоо аймагынын жакын жайгашкандыгы алардын жашоосунун жеңилдешине чоң ролун ойнойт, айрыкча өзүн өзү камсыз кыла албаган карылар. Муктаж болгондордун арасында ар бир экинчи адам убактылуу же дайыма сырттан жардам алып турушат. 20% суралгандардын туугандары бар, бирок алардан бир дагы жардамды алышпайт. Ал эми, 15% респонденттер жалгыздыктын айынан туугандарынан жардам күтүшпөйт.

**2.1 Таблица– Мамлекеттеги өзгөрүүлөрдүн улгайган адамдардын жашоо деңгээлин тийгизген таасири**

| Биздин өлкөдө кандай өзгөрүүлөр пайда болду? | % |
|---|---|
| Кыйынчылыкта өтүп жатат, бирок мурдакыга салыштырмалуу жакшы жакка өзгөрдү | 36,8% |
| Жакшы жакка өзгөрдү | 28% |
| Калыстыкты эч жерден таппайсын | 14,2% |
| Баардык жерде алдап, тоноп кеткендер | 10,8% |
| Жооп бере албайм | 10,2% |

Чындыгында, социалдык өзгөрүүлөр 36,8% үчүн кыйынчылыкта өтүп жатат, бирок мурдакыга караганда жакшы жакка өзгөрдү. Суралган 28% респонденттердин пикиринде, акыркы жылдагы болгон өзгөрүүлөр жакшы жакка өзгөрүү тенденциясына ээ. Бирок, пессимистүү жооптор дагы бар: 14,2% үчүн мурдагыдай эле калыстык жок жана болгон эмес. Ал эми, 10,8% үчүн алдап, тоноп кеткендердин саны көбөйүүдө. Бул суроого жооп бербегендердин саны - 10,2% түздү. (2.1 Табл. караңыз)

Экинчи баптын жыйынтыгын чыгарууда, Кыргызстандагы калктын карылыгы социалдык-демократиялык процесстердин коомдогу реформалык процесстерге дал келип жашоону улантуу көбөйтүү менен калктын жалпы көбөйүүсү менен биргеликте болбостон, карыган адамдардын социалдык активдүү калктан көз карандылыгынын өсүшү менен коштолот.

Социалдык жана экономикалык өнүгүүгө өтүү шарттарында карыган адамдардын проблемалары дайыма өз учурунда чечилбейт. Карыган адамдардын экономикасы жана социалдык чөйрөсү карылардын бейкубат жашоосун азыркыга чейин толугу менен камсыздабайт. Улгайгандардын бир кыйла регионалдык айырмачылыктары белгиленген.

Коомдогу жаңылануу процессиндеги динамикалык өзгөрүүлөрү экономикалык жана социалдык-маданий шарттарда карыган адамдардын социалдык акыбалына таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан, муктаждыктардын татаал жана тереңдигине карай алар жардамга муктаж.

Үчүнчү бапта **«Кыргыз Республикасындагы карыган адамдардын социалдык заманбап шарттарына адаптациясы».** Бул баптын негизин экономикалык реформанын натыйжасында Кыргыз Республиксынында улгайган адамдардын социалдык адаптациясы түздү.

Үчүнчү баптын биринчи параграфында **«Кыргыз Республикасындагы карыган адамдардын социалдык коргоосунун приоритеттүү багыттары»** заманбап доорундагы карыган адамдардын социалдык коргоосундагы приоритеттүү багыттары көрсөтүлгөн. Улгайгандардын жашоо шартын жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасында кандай иш чаралар жүргүзүлгөн. Андан сырткары нормативдик мыйзам базасы, Мамлекеттин Улуттук «Ардагер» жана «Аракет» программасы иштелип чыкты.

Азыркы учурда мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө социалдык коргоо мүчөлөрүнүн иш чаралары негизинен даректүү жардам берүүгө багытталган. Социалдык коргоонун өзү саясаттын инструменти катарында каралып, адамдардын нормалдуу шарттарын жана алардын колдонуу деңгээлиндеги камсыз кылган мамлекеттин максаттуу түздөн түз кепилдиги. Калктын социалдык коргоосу чектелген бюджеттин шарттарында жүргүзүлгөндүктөн социалдык коргоонун деңгээлин көтөрүүгө жана анын өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк бербейт. Бар болгон ресурстар көбүнесе аялуу катмарды адамдарды стабилдештирүүгө багытталган. Бул аялуу катмарды кары адамдар түздү.

Кыргыз Республикасындагы социалдык саясатты ишке ашыруудагы карылар үчүн маанилүү маселелерди камсыз кылуу мыйзам кагаздары кабыл алынган.

90- жылдары кабыл алындган мыйзамдар: «Кыргыз Республикасынын майып адамдарды социалдык жактан коргоосу жөнүндө», «Мамлекеттин социалдык коргоо кепилдиги жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө», «Калктын жумуш ордун табуусуна көмөк берүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы майыптарды жана улгайган жарандарды тейлөө жөнүндө». Жогоруларды аткаруу максатында Өкмөттүк бир катар жоболор кабыл алынган, мисалы «Жарандардын жана аз камсыз үй бүлөлөрдүн социалдык коргоосун жаңылантуу жөнүндө» 1998 жылдын бугу айынын он бешинен баштап улгайган адамдар үчүн бир катар жеңилдиктери каралган.

Социалдык жана экономикалык шарттары адамдардын бат өтүп кетүү жана көнүү жөндөмдүүлүгүн талап кылгандыктан тилекке каршы баардык кары адамдар үчүн жеткиликтүү эмес.

Мына ушуга байланыштуу карыган адамдардын социалдык кызматтарга жана социалдык мекемелерге болгон муктаждык күндөн күнгө күч алууда.

Калктагы кары адамдардын негизги катмарынын жашоо деңгээлинин төмөндөшү албетте, турмуш шарты кыйынчылыкка дуушар болгон жана жардамга муктаж болгондордун көбөүүсү менен коштолот.

Мамлекетибиздин социалдык саясый максаты – жардамга муктаж болгон баардык жарандарга колдоо көрсөтүү. Өздүк күчкө таянуунун негизинде социалдык адаптациялоосуна көмөк көрсөтүү менен бирге коомго керексиз болуп калуу сезиминен арылтуу, ошондой эле социалдык кызмат көрсөтүүнү мыктылоо. Социалдык тейлөөнүн жаңы формаларын жаратуу менен бирге учурдагы социалдык тейлөөнү жакшыртуу менен бул максаттарга жетишүү мүмкүн.

**Үчүнчү баптын экинчи бөлүмүндө «Социологиялык моделдердин анализи, улгайган адамдар менен социалдык иш алып баруулар»** улгайган адамдар менен социалдык иш алып баруу изилденген.

Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык пенсияга чыгуу курагы аялдар үчүн 58, эркектер үчүн 63 жаш деп аныкталган. Ошондуктан, изилдөөнүн объектиси катары калктын төмөндөгү топтору аныкталган: аялдар 58 жаш жана андан улуу курагында, эркектер үчүн 63 жаш жана андан улуу курагында „Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо стандарты" боюнча респонденттердин 65 жаштан жогорку улгайган тобу өзүнчө бөлүнүп чыккан.

Бул изилдөө автордун 2008-2010 жылдар аралыгындагы жеке социологиялык изилдеп чыгууларга таянат. Социологиялык изилдөөнүн программасы „Улгайган адамдардын заманбап шарттарга социалдык калыптануусу" (Кыргыз Республикасынын мисалында). Респонденттердин саны 1150 адам. Социологиялык изилдөөлөргө 400 адам катышып, Ыссык –Көлдө өткөрүлгөн. Чүй жана Бишкек шаарында – 450 адамды камтыган, Жалал – Абадда -300 адам.

Респонденттерди тандоо шарты: кокустук тандоо жолу менен жүргүзүлгөн. Анкетанын негизинде: 38,5% эркектер жана 61,5 аялдар түздү. Суралган респонденттердин 78,5% никеси бар, ал эми 21,5% үйлөнө элек же турмушка чыга электер болгон. Суралган адамдардын 6,4% жеке себептер менен ажырашкандарды түздү. Ал эми 5,5% түгөйлөрүнөн ажырап калгандар.

Үйлөнгөндөрдүн жана турмушка чыккандардын көпчүлүгү үчүн „үй-бүлө коомдун баалуулугу" катары кабыл алынып совет доорунун символикасы катары бекем тутушуп алар үчүн ажырашуу чанда кездешүүчү көрүнүш.

Белгилей кетсек, суралгандардын 57% кыргыздардан, 28,4% орустардан, 3,1% украиндерден, 2% корейлер жана татарлардан жана 0,5% немис, еврей, беларус жана уйгур улутундагы адамдар түздү. Жогорку билимдүүлөр 51%, анын ичинен 18% суралган респонденттер илимий даражага ээ, орто билимдүүлөр 14,2%, толук эмес жогорку 6% жана орто бүтө электер – 1,1% . Ошондой эле, анын ичинде 44,4% мамлекеттик билим берүү тармагында, анын ичинде 13,3% - илимий даражага ээ. Калган респонденттер: жумушчулар – 7,1%, аскер кызматындагылар -5%, ал эми 16,5% кайсы тармакта иштеерин айтышкан эмес.

Биздин социологиялык изилдөөнүн дагы бир маанилүү тапшырмасы болуп калктын улгайган адамдардын калыптануу баскычын аныктоо, алардын жаш кезиндеги коюлган максаттары менен катар кесибиндеги бийиктерге жетишүүсү эсептелинет. Мындай жагдайды, 58% респондентердин макулдугу менен белгилеп кетишкен, ал эми 15,6% алгачкы максаттарын жүзөгө ашыра албагандыгын айтышкан. Алардын 10,2% өздөрүн күнөөлөсө, 16,2% башкаларды жана бийликти күнөөлөшөт.

Суралгандардын 12,2% үчүн курбулары мага караганда көбүрөөк ийгиликке жетишти деген пикирде, 61,5% карыларды бул маселе такыр ойлондурбайт жана мындай ойлор аларды мурда дагы ойго салган эмес. Респонденттердин 21,3% ушул боюнча анда санда ойлонушкан, ал эми калган 5% бул суроого жооп бере алган эмес.

Социалдык өнүгүү министрлигинин системасында 13 карылар үйү бар, алардын ичинен бешөө карылар үчүн толук мамлекеттин көзөмөлүндө болгон 900 пенсионерлер бар.

Мисалы, бүгүнкү күндө Бишкек шаарында ардагерлер үчүн, улгайган адамдардын туруктуу жашоосуна шартталган, кароого муктаж терс адаттары жок жана психикалык жактан жабыркабаган карыларга интернат үйү бар. Карылар үйү 270 адамга эсептелинген. Улгайган адамдар бул жерде мамлекеттин толук көзөмөлүндө. Карылар үйүндө: китепкана, дене тарбиялык дарылоо аянтчасы, тамактануу жана сыйынуу бөлмөсү, дарыкана, медициналык бөлүм, кино көрүүчү жай, кир жуучу бөлмө, чач тарач жана бильярд ойноочу жай бар. Тилекке каршы, Кыргызстанда мындай үйлөр аз, бирок алар барган сайын өнүгүп жатат. Себеби, булар көптөгөн социалдык маселени чечүүнү шарттап, улгайган адамдардын муктаждыктарын канааттандырат жана алардын ишмердүүлүк активдүүлүгүн жогорулатат.

Убактылуу түнкүсүн баш калкалоого муктаж болгон жарандардын санынын өсүшүнө байланыштуу атайын үйлөр жана социалдык мейманканалар ачылууда. Бул үйлөр биринчи кезекте туруктуу үйү жок адамдарга берилет. Аларга жата турган жайы керебети менен бир түнгө берилип санитардык жана доктурга чейинки биринчи кароодон өтүшөт. Өз учурунда, бул адамдарга күнүмдүк турмуш шарттарга медициналык маалымат жардамы көрсөтүлөт. Турмуш тиричилик же социалдык жардам көрсөтө турган убактылуу жашоо үчүн социалдык мейманканалар ачылууда.

Диссертант жүргүзгөн эки изилдөөгө салыштырмалуу анализ кылсак алардын жыйынтыктары окшош келет. Демек, 2008 жылы суралган респонденттердин 74% жалгыз бой улгайган адамдарга жана карыган үй – бүлө түгөйлөрүнө карылар үйү керектигин четке кагышкан эмес. Бирок, берилген жооптордун ичинен карыган үйүндө жашаганды каалагандардын саны бир пайыз болгон. Бул өз учурунда, кыйыр түрүндө, карылар үйүндө шарттарга болгон төмөн бааларын аныктап келет. Ал эми, калган 25% өз үйүнөн өтөрү жок экендигин айтышкан.

Бул изилдөөнүн жыйынтыгын чыгарууда, белгилей кетчү нерсе Жалал-Абад, Чүй жана Ысык-Көл аймактарында улгайган адамдардын базар экономикасына ыңгайлашуусу жай агымда өтүп жатат. Бирок, 85,6 пайыз респонденттер жеке турмушунда жана кесибинде жаран катары бутунан турган. Алар үчүн жашоонун мааниси жок эмес, себеби, жумушунан сырткары аларды кыйын мезгилде колдой турган (үй-бүлөсү) жакын адамдары бар. Колдоого муктаж болгон 14,4% жалгыз улгайган адамдарга мамлекет жана социалдык ишмерлер тарабынан жардам жана мөөнөттүк пенсияны көбөйтүү көрсөтүлүп турат.

Мамлекет менен бирдикте олуттуу ролду жарандык коом уюмдары, өкмөттүк эмес уюмдар, илимий-изилдөө академиялык институттар, кесиптик уюдар, массалык маалымат каражаттары, бизнес структуралар ойлошу керек эле. Бирок, заманбап глобалдуу кризистик мамилелерде улгайган адамдардын ыңгайлашуусу үчүн бул уюмдар эффективдүү жардам көрстүүгө тынчсыздана беришпейт.

Булардын максаттуу мониторинг программалары улгайган адамдардын турмуш шарт тиричиликтеринде ар кайсы аймактарды алып кароону ичине камтымак жана мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн арттырып өткөрүлгөн программалардын жана жыйынтыктардын тунуктугун камсыздамак. Улуу муундагы адамдардын коомдук уюмга, иш чараларга катышуусу, иш чаралардын так багытын аныктамак жана социалдык программалардын жыйынтыгын чыгармак.

Үчүнчү баптын жыйынтыгын чыгарууда төмөндөгүлөрдү белгилей кетсек болот:

Кыргызстанда улгайган адамдардын социалдык жана экономикалык өнүгүү маселелери өзгөрүү шарттарында жыйынтыктуу эмес. Экономика жана социалдык аймакта улгайган адамдардын баардыгы үчүн шарт түзүлгөн эмес. Улгайган адамдардын абалы аймактык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги белгиленет.

Коомчулуктун өзгөрүүгө байланышкан модернизация процесстери экономикалык жана социалдык маданий шарттарында улгайган адамдардын социалдык абалына таасирин тийгизип динамикалык өзгөрүүгө алып келет. Бул үчүн аларга олуттуу маселелерди жана ар түрдүү суроолорду камтыган, керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жана татаал муктаждыктарын эске алуучу атайын жардам керек.

## ЖЫЙЫНТЫК

- Кыргызстан боюнча улгайган адамдардын жаңы базар экономикасына ылайыкташуусу татаал жана карама каршылы. Бул бир катар себептер менен түшүндүрүлөт. Алардын негизгилери төмөндөгүдөн көрүнүп турат: азырынча улгайган адамдарга даректүү социалдык жардам көрсөтө турган кемчиликсиз иштелип чыккан максаттуу программа жок;
- өзгөчө жардамга муктаж болгон жана улгайган адамдарды коргой турган юридикалык нормалардын комплекси иштелип чыга элек;
- базар экономикасына өтүү экономикалык эле эмес, адеп ахлактык, психологиялык жана саясый контексте ылайыкташуу жана башка мамилелерин тереңдетти;
- жогорку билимдүү адистердин, бардык багыттар боюнча натыйжалуу иш алып баруусу жардамга муктаж болгон категориялардын талабына жооп берүүчү материалды жардамдардын, жөлөк пулдардын көлөмүн ар тараптуу көбөйтүү муктаждыгын камсыз кылууну шарттайт. Бул жөлөк пулдардын өлчөмдөрү акчалай (жок дегенде мыйзам чегинде) инфляциялык процесстерге ылайык ар бир квартал сайын индекстелип турушу керек;
- Кыргызстандагы миграциялык процесс, демократия агымы, өз учурунда жаштардын моралдык баалуулуктарына таасирин тийгизди. Көпчүлүк балдар өздөрүнүн карыган ата энелерин жалгыз же болбосо карылар үйүнө калтырышууда.

Совет доорунан кийин базар экономикасына өтүүдө улгайган адамдардын жалпы психологиялык абалына таасирин тийгизди. Ошондуктан, саламаттык кызматына жана башка коомдук унааларга мүмкүнчүлүк абалына кошумча мониторинг жүргүзүү абзел.

## СУНУШТАР

Диссертациянын изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, заманбап рынок шарттарында улгайган адамдардын ийгиликтүү социалдашуусу автордун жеке байкоосу жана тажрыйбасында төмөндөгү теоретикалык жана практикалык сунуштарды киргизилди:

- мамлекеттик стандартта мыйзамдуу түрдө, минималдуу гана эмес, улгайган адамдардын татыктуу жашоосун кмсыз кылуу;
- Мамлекетке, Кыргыз Республикасынын социалдык өнүктүрүү министрлигине жана жергиликтүү башкаруу органдарына пенсияга жаңы чыккан адамдарды жекеме жеке маселелер менен калтырбоо: кызматташууну жеткиликтүү жогорулатуу; алардын туруктуулугун жана сапатын көтөрүү;
- улгайган адамдардын өмүрүн сактап калуучу медициналык жабдуулардын бааларын Мамлекет тарабынан көзөмөлгө алуу;
- балдары өнүккөн өлкөлөрдө мигрант болуп жүргөн неберелери менен жалгыз калган айыл жергесинде жашаган улгайган адамдарга өзгөчө көңүл буруп жана керектүү финансы каражаттары менен камсыз кылуу;
- Карылар үйүнө тамак аш чыгымдарына көбүрөөк акча которуу жана шарт түзүп берүүнү Мамлекет жана КР Социалдык өнүктүрүү Министрлиги тарабынан өзгөчө көңүл буруусу керек;
- социалдык кызматкерлер тарабынан улгайган жана муктаж болгон адамдарды өз көзөмөлүнө алып аларга медициналык дары дармектерди даректүү жеткирүү;
- улгайган адамдар жана баардык уулу муундагы адамдарга өкмөттүк эмес уюмдар жана коомдук бирикмелердин кабыл алуу тармактарын кеңейтүү керек;

- геронтологиялык саясаттын алкагында уулу муундагы адамдардын эмгек жана иш менен камсыз болуусуна шарт түзүп берүүсүн кайра карап чыгуу.

## Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары жана жыйынтыктары автордун төмөнкү макалаларында жарыяланган:


1. Современные теории в социальной работе с пожилыми людьми // Труды ИСРиП 4′ 2009 Бишкек 2009. - С. 95.
2. Пожилой человек в социальной структуре Кыргызстанского общества // Социальные и гуманитарные науки № 5-6, 2010 Бишкек 2010 -С. 152
3. Некоторые проблемы состояния социально-демографической характеристики нашей страны // Наука и новые технологии № 7, 2010 Бишкек 2010 – С.133
4. Стиль жизни и сферы деятельности пожилого человека // Известия ВУЗов № 5,2011 Бишкек 2011 – С. 188
5. Социальная помощь пожилым людям: стимулирующие стратегии // Труды ИСРиП 1′ 2011 (6) Бишкек 2011 – С. 87
6. Старость и научно-технический прогресс // Известия ВУЗов №1, 2012 Бишкек 2012 – С. 166
7. Социальные проблемы граждан пожилого возраста // Наука и новые технологии №2, 2012 Бишкек 2012 – С. 190
8. Социальная работа с пожилыми людьми в зарубежных странах // Актуальные проблемы гумантарных и естественных наук № 07 (42) июль 2012 Москва 2012 – С. 221
9. Место социальной геронтологии в системе наук // Известия ВУЗов № 1,2012 Бишкек 2012 – С. 172
10. Старость –как социальная проблема // Труды ИСРиП 1′ 2012 (6) Бишкек 2012 – С.76
11. Выход на пенсию как психологическая проблема // Труды ИСРиП 2′ 2012 (8) Бишкек 2012 – С.54
12. “Кары адамдын бирден-бир болгон көйгөйү –бул жалгыздык” // Труды ИСРиП 2′ 2015 (14) Бишкек 2015
13. Отражение проблем адаптации пожилых людей в социальной политике Кыргызстана // Теория и практика общественного развития №1. научный журнал г.Краснодар 2016 – С.28

**22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкер Раимова Айнура Болотбековнанын «Улгайган адамдардын заманбап шарттарга социалдык жактан адаптация болуусу (Кыргыз Республикасынын мисалында)» деген темадагы диссертациясынын РЕЗЮМЕСИ**

**Маанилүү сөздөр:** социалдык адаптация, улгайган адамдар, карылык, пенсия курагы, социалдашуу, социалдык маселелер, социалдык абал, социалдык саясат.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти:** Кыргыз Республикасынын улгайган тобу алынган (65 жаштан жана андан жогорку).

**Диссертациялык иштин максаты** Кыргыз Республикасынын заманбап рынок шартында улгайган адамдардын социалдык адаптация процессин изилдөө, керектүү жыйынтыктарды жана сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн усулдары:** иштин негизин Кыргызстандын жана чет элдик социологдордун, саясатчылардын, экономистердин жана психологдордун эмгектери түзүп, анда адаптация процесстеринин негизги принциптерин анализ кылуу жана улгайган адамдарга социалдык жактан коргоо (пенсиялык жана социалдык камсыздоо) маселелери каралган.

Диссертациянын укуктук негизин калкты пенсия менен камсыз кылууну жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары, нормативдик-укуктук документтер түздү. Андан сырткары Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитетинин отчеттук маалыматтары, Кыргызстан социалдык пенсия фонду, Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүктүрүү министерствосунун жана илимий практикалык конференциялардагы басылып чыккан макалалар жана статистикалык материалдар колдонулду.

Иштин толук маалыматтарын жана жыйынтыктарын эмпирикалык изилдөөлөрдүн методологиясы камсыз кылды.

**Диссертациянын натыйжаларынын илимий жаңылыгы:** Улгайган адамдарга Кыргызстандын кризистик абалында, өзүнүн ичине социалдык-экономикалык жана социалдык-психологиялык жактан комплекстүү талдоону камтыган ушул сыяктуу мониторинг изилдөөлөрү жүргүзүлгөн эмес. Улгайган жарандарды социалдык коргоо тармагындагы укуктук-номативдик негизи жана мамлекеттик саясаттын ишке аракеттери талдоого алынган. Кары адамдардын адаптация деңгээлине таасирин тийгизүүчү факторлор көрсөтүлгөн. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийинки улгайган адамдардын келип чыккан маселелери аныкталган. Кыргыз Республикасынын калкты социалдык жактан коргоо системасынын негизги баскычтары жана калктын социалдык коргоону жөнгө салуучу негизги тенденциялар көрсөтүлүп, акыркы жылдардагы пенсия жана саламаттыкты камсыздоонун негизги багыттарынын жаңылануусун карап чыккан.

**Пайдалануу даражасы:** Диссертациялык иштин өзүнчө сунуштары Кыргыз Республикасынын социалдык өнүктүрүү Министрлигинде тажрыйбасында колдонууга мүмкүн. Теоретикалык жоболору жана практикалык жыйынтыктары материалдык усулдарды даярдоодо, окуу процесстеринде жана төмөнкү сабактарда окутуулууда: «Социалдык геронтология», «Кыргызстандагы социалдык ишкердүүлүк», «Социалдык иш методикасы жана теориясы».

**Колдонуу тармактары:** диссертациялык иштин жыйынтыктары бийлик органдары тарабынан калыптануу мамилелерине жана социалдык саясатты жөнгө салуу окуу процесстеринде колдонууга болот.

## РЕЗЮМЕ

**на диссертацию Раимовой Айнуры Болотбековны на тему: «Социальная адаптация пожилых людей к современным условиям(на примере Кыргызской Республики)» на соискание ученой степени кандидата социологических наук поспециальности 22.00.04 – социальная структура, социальные институты и процессы.**

**Ключевые слова:** социальная адаптация, пожилые люди, старение, пенсионный возраст, социализация, социальные проблемы, социальное положение, социальная политика.

**Объектом исследования** является пожилое население (в возрасте старше 65 лет и выше) Кыргызской Республики.

**Цель диссертационного исследования** изучить социальную адаптацию пожилых людей Кыргызской Республики к современным рыночным условиям, обоснование соответствующих выводов и выработка рекомендаций.

**Методологическую основу** работы составили труды Кыргызстанскихи зарубежных социологов, политологов, экономистов и психологов, в которых изложены основные принципы анализа адаптационных процессов, социальной защиты населения (проблемы пенсионного и социального обеспечения) пожилых людей.

Правовую основу диссертации составили законодательные акты Кыргызской Республики, нормативно-правовые документы, регулирующие пенсионное обеспечение населения. Также использовались справочные, статистические материалы и отчетные данные Кыргызского национального статистического комитета, Социального пенсионного фонда Кыргызстана, Министерства социального развития Кыргызской Республики, материалы периодической печати и научно-практических конференций.

Достоверные сведения и результаты работы обеспечила методология эмпирического исследования.

**Полученные результаты и их новизна:** в Кыргызстане подобные мониторинговые исследования, включающие комплексный анализ социально-экономического и социально-психологического состояния пожилых людей в кризисный период общества, не проводились, выявлены основные тенденции функционирования всей системы социальной защиты населения и определены главные направления совершенствования пенсионного и медицинского обеспечения на ближайшие годы.

**Степень использования:** отдельные рекомендации могут быть использованы в практике Министерство социального развития Кыргызской Республики. Теоретические положения и практические результаты диссертации могут быть использованы в учебном процессе при разработке методических материалов, и чтения лекций по дисциплинам «Социальная геронтология», «Социальная работа в Кыргызстане», «Теория и методика социальной работы».

**Область применения:** отдельные результаты диссертационной работы могут быть использованы в учебном процессе, а также органами власти, имеющими отношение к формированию и реализации социальной политики.

# SUMMARY

**for the dissertation thesis by Raimova Ainura Bolotbekovna on the theme: «Social adaptation old people to modern conditions» (on an example Kyrgyz Republic) for the degree of candidate of sociological sciences, specialty 22.00.04 - social structure, social institutions and processes**

**Keywords:** social adaptation, **old people,** aging, retirement age, socialization, social problems, social status, social politics.

**The object of research:** Is an elderly population **(**the age older than 65 years old and above) at the **Kyrgyz Republic.**

**The purpose of the research:** to study the social adaptation of the elderly people of the Kyrgyz Republic to the current market conditions, the rationale for the corresponding conclusions and recommendations.

**The methodological basis** of the work was easy Kyrgyz and foreign sociologists, political scientists, economists and psychologists, which outlines the basic principles of analysis of adaptation processes, Social Welfare (the problem of the pension and social security) the elderly. The legal basis of the thesis constituted legislative acts of the Kyrgyz Republic, legal documents governing the pensions of the population. It is also used in reference, statistical data and reporting data of the Kyrgyz National Statistical Committee, Kyrgyzstan Social Pension Fund, Ministry of Social Development of the Kyrgyz Republic, materials, periodicals and scientific conferences.
Reliable information and the results of empirical research methodology is provided.

**The results obtained and their novelty:** in Kyrgyzstan such monitoring research, including a comprehensive analysis of the socio-economic and socio-psychological state of the elderly during the crisis of society, were not carried out. It analyzes the regulatory and legal framework and practice of realization of the state policy in the field of social support for the elderly. The factors affecting the degree of adaptation of the elderly to the present conditions. It outlines the main factors affecting the elderly adaptation process. Identified the problems in elderly people after the acquisition of independence of Kyrgyzstan. The basic stages of development of the system of social protection of the population in the Kyrgyz Republic and identified the main trends in the functioning of the entire system of social protection of the population and defined the main directions of improvement of the pension and medical care in the coming years.

**The degree of use:** the individual recommendations can be used in the practice of the Ministry of Social Development of the Kyrgyz Republic. Theoretical and practical aspects of the thesis can be used in the educational process in the development of teaching materials, and lectures on the subjects "Social Gerontology", "Social work in Kyrgyzstan", "Theory and methods of social work."

**Scope:** the individual results of the thesis can be used in the educational process, as well as authorities, relevant to the formation and implementation of social policy.